# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КЭЭ БИР ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Доц. Авазбек Асанов*

Урматтуу төрага! Бүгүнкү жыйындын урматтуу катышуучулары! Биз буга чейинки докладдардан түрк элдери, ислам дини жөнүндөгү бир топ баалуу маалыматтарды алдык. Ушулардын негизинде төмөндөгүдөй бир натыйжа чыгаруу мүмкүн. Түрк элдеринин өсүп-өнүгүүсүндө алардын ислам динин кабыл алуусу канчалык чоң мааниген ээ болсо, ислам дининин өсүп-өнүгүүсү жана жайылышы үчүн да түрк элдери ошончолук кызмат кылышкан. Дүйнөдөгү Исламды тутунган бүткүл түрк элдеринин эл катары тилин, маданият, улуттук традицияларын сактап калууда, өнүктүрүүдү дин өтө чоң рол ойногондугу талашсыз. Ошол эле учурда борбордук Азиядан баштап Батыш Европага чейинки көпчүлүк элдердин ислам динин кабыл алышына түрктөрдүн түздөн-түз таасири болгон.

Ал эми азыркы докладда түрк элдеринин бир бутагы болгон Кыргызстандагы диний билим берүүнүн бүгүнкү ахыбалы жөнүндө учкай сөз болмокчу. Учурда өлкөбүз өнүгүүнүн эң бир жооптуу этабын башынан өткөрүүдө. Республика эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап экономикада, социалдык жашоо турмушта, маданиятта, идеологияда, элдин ан-сезиминде көптөгөн өзгөрүүлөр болууда. Президентибиз Аскар Акаев Кочкор районундагы Түркия Диянет Вакфы тарабынан курулган «Ак-Мечиттин» ачылышында сүйлөгөн сөзүндө:-«Тоталитардык иделогиядан кутулгандан бери ата-бабабыздын дини Исламдын коомдогу ролу кадыресе жогорулады, мечиттердин, медреселердин саны көбөйдү, калкыбыздын басымдуу көпчүлүгү тутунган ислам динине өзгөчө маани берилип жатат»-деп белгиленген.

СССРдин кулашы менен, коммунистик идеология өз таасирин жоготуп, узак жылдар атеизмдин запкысында болгон бардык диндер эл арасында жаңы сапатта таркала баштады. 1991-жылы кабыл алынган «Ишеним эркиндиги» жөнүндөгү закондун чыгышы менен бул процесс дагы да күчөдү. Жер-жерлерде көптөгөн мечиттер, чиркөөлөр, сыйынуу үйлөрү ачылып иштей баштады. Алгачкы мезгилде дин чөйрөсүндөгү кырдаалга карата бирдиктүү мамлекеттик саясат жана көзөмөл жоктугуна байланыштуу белгилүү деңгээлде негативдик көрүнүштөр пайда болуп, элдин биримдигине, бейкуттугуна терс таасирин тийгизген учурлар да байкалды. Коммунистик идеологиянын жоюлушу менен пайда болгон вакуумду дин аркылуу толтурууга аркеттер күчөгөндүгүнө

* Ош мамлекеттик университети

карабастан калктын белгилүү бир бөлүгү, айрыкча жаштар руханий деградацияга учурады.

Бүгүнкү күндө өлкөбүздө диний процесстин өнүгүшү көп түстүү мүнөзгө ээ. Бир тараптан мурдатан бери жанаша жашап келген ислам жана христиан дини өз аракеттерин карама-каршылыкка барбоо аркылуу күчөтүшсө, экинчи жактан түрдүү диний секталар калк арасында активдүүлүгүн арттырышты. Жергиликтүү улуттун кээ бир өкүлдөрүнүн өз дининен кабарсыз экендигинен пайдаланып, түрдүү секталардын өкүлдөрү аларды өз катарларына тартууда. Ушул аркылуу келечекте бир улуттун ичинде диний карам-каршылыктын пайда болушуна шарт түзүлүүдө. Ушуну менен бир катарда жергебиз үчүн мүнөздүү болбогон, радикалдык көз-караштагы ислам секталары да диний фанатизмди жайылтышууда. Бул абал келечекте Кыргызстанда жана жалпы Орто Азияда түрдүү конфликтердин чыгуусуна көмөкчү болуусу мүмкүн. Мунун айкын мисалы катары Тажикстандагы абалды көрсөтүүгө болот. Биздин шартта диндин түрдүү саясий топтордун куралына айланышы өтө коркунучтуу экендигин түшүнүүгө мезгил жетти.

Бул абалдан чыгуу үчүн эки гана жол бар. Булар динге тыюу салуу же элибизге ата-бабасы тутунган динди туура үйрөтүү. Азыркы шартта динге толук тыюу салуу жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес, себеби бул жолду мурда басып өткөнбүз жана андан эмне келип чыгаарын көрдүк. Демек, биз үчүн экинчи жол, башкача айтканда калкыбызга илгертен бери ата-бабасы тутунган ислам динин туура үйрөтүү, аны түрдүү радикалдык көз-караштардан, фанатизм идеяларынан коргоо жолу гана туура болуп эсептелет.Ал эми элге динди туура үйрөтүү белгилүү системада диний билим берүү аркылуу гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Эми ушул маселеге кыскача токтолуп өтөлү. Албетте бүгүнкү күндө өлкөбүздө диний билим берүү стихиялык мүнөзгө ээ. Учурдагы абалды анализдеп көргөнүбүздө жергебизде диний билим алууга болгон умтулуу өтө чоң. Жаш балдардан тартып чоңдорго чейин түрдүү жолдор менен ислам дини жөнүндө маалымат алышып, окуп-үйрөнүп жатышат. Бул айрыкча мурдатан эле ислам дининин тардицияларын башка региондорго салыштырмалуу терең билишкен, бекем тутунушкан Ош, Жалал-Абад областтарында сезилээрлик даражада. Кошуна жайгашкан жана бекем карым-катнашта болгон Өзбекстан жана Такжикстандын таасиринен ушул областарда жагымсыз диний экстремизмдин элементтери жайылышы үчүн ыңгайлуу жагдай бар.

Азыркы кездеги диний билим беруу системасын медреселерде билим берүү, жеке адамдар аркылуу билим берүү, чет өлкөлөрдө билим берүү жана мамлекеттик окуу жайларда билим берүү деп шарттуу түрдө 4-кө бөлүп көрсөтүү мүмкүн. Бул учурлардын ар бирине кыскача токтолуп өтөлү.

СССР кулап, ар бир республика эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин өлкөбүздө өз алдынча казыят түзүлдү. Мурда калктын диний кадрларга болгон муктаждыгын канаатандырып келген Бухарадагы медресе, Ташкенттеги ислам институту менен болгон байланыштар солгундады. Ошондуктан калктын диний муктаждыгын канааттандыруу багытындагы дин кызматкерлерин даярдоо максатында көптөгөн медреселер стихиялык түрдө ачыла баштады.. Булардын көпчүлүгү каттоодон өткөн эмес жана материалдык базасы начар абалда, окуу жана техникалык каражаттар жетишпейт, окутуучулар курамында атайын жогорку билимдүү кадрлар жокко эсе. Бардык медреселер үчүн бирдей болгон жана бекитилген окуу планы, окутуу програмалары жок. Окутуунун жаңы

технологиясы колдонулбайт. Жыйынтыктап айтканда бул медреселер материалдык, финансылык, кадрдык жана методикалык жардамдарга өтө муктаж. Көпчүлүк медреселердеги окутуу процесси ушул окуу жайды уюштурган же окутуп жаткан дин адамдарынын жеке тажрыйбаларына жана авторитетине негизделген орто кылымдардагы динди окутуу методикасына таянгандыгын өзгөчө белгилеп өтүү зарыл. Ушуну менен бир катарда кээ бир медреселерде убактылуу иштеп жаткан чет өлкөлүк окутуучулар жөнүндөгү маселе да ойлонууну талап кылат. Эгерде чет өлкөлүк окутуучулар Кыргыз Республикасынын мусулмандарынын 95%-и тиешелүү болгон сунний мезхебинин өкүлү болбосо же кайсыл бир экстремисттик багыттагы жамааттын өкүлү болсо, анда мындай адамдардан билим алган окуучулардан келечекте биздин диний традицияларыбызга карама-каршы пикирлер чыгышы мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда медреселерде билим берүү системасы калктын белгилүү бир бөлүгүнүн гана муктаждыгын канаатандырып, динден сырткары предметтер окутулбастан мечит молдолорун гана даярдоо менен чектелет. Жалпы элге, айрыкча мечиттен сырттагы жаштарга азыркы диний акыбалды түшүндүрүү, динге муктаж болгон адамдарга өз динин туура үйрөтүү, ишеним издеп башка диндерге кирип жаткандарга өз динибиздин улуугун үйрөтүү, айрыкча түрдүү диндерди өз ара салыштырып талдоо, алардын айырмачылыктарын түшүндүрүү багытында бул системанын мүмкүнчүлүгү чектелүү.

Калкка диний билим берүүдө негизги рол дале болсо жекече адамдар аркылуу ишке ашырылып жаткандыгы талашсыз маселе. Орто Азия республикаларында мурдатан белгилүү болгон «хужра» системасын жана мечиттеги молдолордун окутуу иш аракетин ушуга кошууга болот. Хужра системасында окуучу молдонун үйүндө бир нече жыл жүрүп билим алат. Окуу менен бир катарда бардык окуучулар кайсы бир кесипте артелдик усул менен иштешип жашоо үчүн каражат табуусу мүмкүн. Адатта окуу көлөмү молдонун билимине жараша болуп, белгилүү бир деңгээлге жеткенден кийин окутуу токтотулат же башка жактан окууга уруксат берилет. Бул системанын негиги өзгөчөлүгү убакыт тарабынан чектелген эмес жана диндин белгилүү бир тармагы гана окутулат. Ошондутан бул тармакта билим алган окуучу эреже катары азыркы заманбап билимдерден кабарсыз жана жаштар менен, интелигенциясынын өкүлдөрү менен башка диндерге кирип жаткан адамдар менен диалог курууга жөндөмсүз. Албетте жеке өзүнүн муктаждыгы үчүн динди үйрөнгүсү келген, бардык диндерди салыштырып түшүнгүсү келген жаштар үчүн бул система жараксыз. Ошондой эле окутуп жаткан молдонун көз карашына жараша кээ бир радикалдык ой-пикирдин таралышына шарт түзүлүшү мүмкүн. Азыркы кезде Тажикстанда, Өзбекстанда «хужра» системасында окуп жаткан Кыргызстандык бир топ жаштар бар.

Ал эми мечиттерде ошол айылдын молдосу же башка адамдар тарабынан диний билим берүү кеңири жайылган. Булар эч кандай каттодон өтпөстөн, эч кандай программага негиздебестен окуу иштерин жүргүзүшүүдө. Көбүнчө ата-энелердин калоосу менен окутулуп жаткан бул окуучулар араб тамгасы боюнча сабатын ачуу, намаз жана башка ибадаттарды үйрөнүү сыяктуу минималдык билим алышат. Окутуп жаткан молдолордун көпчүлүгүнүн билими талапка жооп бербегендиктен, ар түрдүү негативдик көрүнүштөр орун алышы мүмкүн. Мечиттерде жүргүзүлгөн иш-аракеттердин негизги өзгөчөлүгү диний билим

берүүгө караганда диний тарбия берүү аракетинин басымдуулугунда болуп эсептелет.

Республиканын диний билим берүү системасында чет өлкөлөргө (КМШ өлкөлөрүнөн сырткары) окуучуларды жана студенттерди жиберуу чоң мааниге ээ. Бул өлкөлөрдүн катарына Түркия, Иордания, Египет, Сауд Аравиясы, Иран, Пакистан, Малайзия сыяктуу мамлекеттерди кошууга болот. Биздин жаштар бул өлкөлөрдө куран курстарында, орто мектептерде, орто окуу жайларында жана университеттерде окуп жатышат. Биз тараптан жиберилген жаштардын кандай билим алып жаткандыгы, билим берүү кеңири маанисиндеби же кайсыл бер мезхебдин рамкасында жүргүзүлүүдөбү деген суроолорго азыр эч ким жооп бере албайт. Ошондой эле алар радикалдык көз караштагы жамааттардын таасиринен корголгонбу? Бул суроого да бир маанилүү жооп берүү мүмкүн эмес. Ал жаштар чет өлкөлөрдө окууларын бүтүп келгенден кийин биздеги традициялуу диний көрүнүштөргө каршы чыгышы мүмкүн деген көз караштı эч ким четке кага албайт. Ошондуктан, айрыкча мурда диний даярдыгы болбогон жаштарды чет өлкөлөрдүн куран курстарына, кандайдыр бир жамаатардын орто окуу жайларына жиберүүдө өтө этият мамиле жасоо абзел. Бул өлкөлөрдүн диний билим берүү системасы кайсыл мезхебдин жолун карманат, ал жол бизге туура келеби деген суроолорго оң жооп алгандан кийин гана жиберүүгө уруксат берүү керек. Ушул маселелерге жооп бере турган кандайдыр бир уюмдун же казыяттын, же өкмөттүн алдында уюштурулушу максатка ылайыктуу. Ал эми алгачкы диний билими бар, калыптанып бүткөн жаштарды чет өлкөлүк университеттерге жиберүүдө коопртонуунун кереги жок. Жогоруда айтылган маселелер туура чечилгенде гана, азыркы учурда чет өлкөлөрдө диний билим алып жаткан 200дон ашык жаштарыбыз келечекте өз элине пайдалуу кызмат өтөп, Исламды туура жайылтууга, динибизди түрдүү экстремисттик көз караштардан коргоого көмөкчү болушмакчы.

Эми, диний билим берүү системасынын төртүнчү бөлүгү болуп эсептелген мамлекеттик мекемелердеги билим берүү абалына токтололу. Мамлекеттик окуу жайларда жогорку учурлардан айырмаланып диний билим гана берилет. Диний тарбия жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Анткени класста же группада түрдүү диндерге таандык болгон улуттун өкүлдөрү бар болушу мүмкүн. Экинчи жактан мамлекеттик окуу жайларда биздеги азыркы мыйзамдардын негизинде диний агитация жүргүзүү мүмкүн эмес. Ошондуктан окуу жайларда жергиликтүү өзгөчөлүккө басым жасоо менен бардык диндер жана алардын тарыхы жөнүндө, алардын жалпылыктары жана айырмачылыктары жөнүндө, азыркы кезде иш-аракеттерин өтө күчөтүп жатышкан секталар жөнүндө, айрыкча диний экстремизмдин өкүлдөрү болгон кээ бир жамааттар жана тоталитардык секталар жөнүндө жеткиликтүү маалымат берүү зарыл. Ушул маалыматтарды билүү менен ишеним эркиндигинин негизинде ар бир инсан кандай позицияны ээлеши анын жеке иши болуп эсептелет. Эгерде калктын белгилүү бир бөлүгү өзүн динге муктаж деп эсептесе, анда жогоруда көрсөтүлгөн диний билим алуунун башка жолдору аркылуу билимин терендете алышат. Ушул учурда гана дин чөйрөсүнө байланышкан жагымсыз учурлар четке кагылат.

Азыркы учурда мамлекеттик окуу жайларда диний билим берүүнүн белгилүү бир системасы жок. Кээ бир мектептердеги «Ыйман», Адептүүлүк» сабактарынын, кээ бир окуу жайлардын окуу пландарына ылайык «Дин тарыхы», «Культурология» сабактарынын жана дин жөнүндөгү атайын

курстардын алкагында гана минималдык маалымат берилүүдө. Ошондуктан мамлекеттик билим берүү тармагында бардык окуучуларга, студенттерге жогоруда белгилегендей бардык диндер жөнүндө зарыл өлчөмдө түшүнүк бере тургандай система куруу өтө зарыл. Бул проблеманы чечүү көп деле финансылык каражатты талап кылбайт. Кээ бир мектептердин жана окуу жайлардын тажрыйбасын эске алуу менен ички резервге таянып каражат маселесин чечүү мүмкүн. Ал эми бул багытта иштей турган кадрларды даярдоо проблемасы азыркы учурда чечиле баштады десек болот. Анткени Ош университетинин теология факультети ушул жылы алгачкы бүтүрүүчүлөрүн чыгарат. Бул факультетте жогоруда саналган проблемаларды чече ала турган, дин илиминин бардык тармактарын учурдун талабына ылайык өздөштүргөн, элге динди туура үйрөтө ала турган, бир гана дин эмес илимдин башка түрлөрүнөн да жетишээрлик кабары бар, жаңычыл көз караштагы жогорку билимдүү теологдор, мугалимдер даярдалууда деп ишендирип кете алам.

Урматтуу меймандар жана бүгүнкү жыйындын катышуучулары! Бөлүнгөн кыска убакыттын ичинде республикадагы диний билим берүүнүн азыркы абалы жана анын проблемалары жөнүндө сиздерге азын оолак маалымат бере алган болсом өзүмдү бактылуу деп эсептейм.

Көңүл бургандыгыныздар үчүн чоң рахмат!